DOI:10.26104/NNTIK.2022.38.57.045

*Темиралиева Г.Т.*

## МУЗЕЙ ПРЕДМЕТИНИН НЕГИЗГИ КАСИЕТТЕРИ

*Темиралиева Г.Т.*

## ОСНОВНЫЕ СВОЙСТВА ПРЕДМЕТА МУЗЕЙ

*G. Temiralieva*

## THE MAIN PROPERTIES OF THE SUBJECT MUSEUM

*УДК: 94(575) (04)*

*Бул макалада музей предметинин касиеттери тууралуу баяндалат. XXI кылымда постсоветтик өлкөлөрдө маданий ишмердүүлүктө музей иши өз алдынча маданий сферага айланууга жетишти. 1970-1980-жылдардан советтик музей таанууну (музеологияны) илимий дисциплина катарында аныктоого карата интенсивдүү процесстер жүргөн. Музей ишмердүүлүгү адамзат маданиятынын өзгөчө спецификалык салаасы катарында Европада кайра жаралуу доорунан (Ренессанс) XV-XVI кылымдан эле кирген. Музей тууралуу алгачкы ой-пикирлер жаралып, келечектеги экспонаттарды чогултуп-жыйноолордун алгачкы процесси жүргүзүлгөн. Коомдун улам өсүп-өнүгүп жүрүшүнө жараша музей, анын мааниси, ишмердүүлүгү да татаалдаша берди. Анткени алгачкы жаралышынан тартып эле адамзаттын өнүгүүсү үчүн музейдин абдан зарылдыгы байкалган. Ааламдашуу процесстеринин өнүгүшү менен адам жашоосунун социалдык сферасында баалуулуктарды сактоо жөнүндөгү маселелер актуалдуулуктун жогорку чегине жетти. Ал эми музейлик маанидеги предметтер алардын адамга тийгизген таасири, көп тараптуу маалыматка ээ экендиги тууралуу иликтөөлөр активдүү жүргүзүлдү.*

***Негизги сөздөр:*** *музей, музей предмети, музеология, тарых, маданият, маданият чөйрөсү, музей коллекциясы, экспозиция.*

*В статье описаны свойства музейного предмета. В XXI веке на постсоветском пространстве музейная работа стала самостоятельной культурной сферой. С 1970-х по 1980-е годы происходил интенсивный процесс определения советского музейного дела (музеологии) как научной дисциплины. Музейная деятельность как особая отрасль человеческой культуры восходит к эпохе европейского Возрождения XV-XVI веков. Сформировались первые представления о музее и осуществлен первый сбор будущих экспонатов. По мере роста общества росли и музей, его значение и деятельность. С момента своего создания музей был жизненно важной частью человеческого развития. С развитием глобализации проблема сохранения ценностей в социальной сфере жизни человека достигла своего апогея. Было активно исследовано влияние музейных предметов на людей и разнообразие их информации.*

***Ключевые слова:*** *музей, музейный предмет, музеология, история, культура, культурная сфера, музейная коллекция, экспозиция.*

*The article describes the properties of the museum object. In the 21st century in the post-Soviet space, museum work has become an independent cultural sphere. From the 1970s to the 1980s, there was an intensive process of defining Soviet museum work (museology) as a scientific discipline. Museum activity as a special branch of human culture dates back to the era of the European Renaissance of the XV-XVI centuries. The first ideas about the museum were formed and the first collection of future exhibits was carried out. As society grew, so did the museum, its significance and activities. Since its inception, the museum has been a vital part of human development. With the development of globalization, the problem of preserving values in the social sphere of human life has reached its climax. The impact of museum items on people and the diversity of their information has been actively explored.*

***Key words:*** *museum, museum item, museology, history, culture, cultural sphere, museum collection, exposition.*

Учурда музеология боюнча илимий адабияттарда музей предмети тууралуу жетиштүү маалыматтар бар. Ал эми музей предметтеринин касиеттери жөнүндө маселелер болсо толук чечилбеген жана ага карата музей ишин изилдөөчүлөр тарабынан түрдүү ой-пикирлер бар. Ошого карабастан музей буюмдарынын касиеттери формулировкаланып, алар маалыматтык, репрезентативдик, функционалдык, маданий, эстетикалык жана башка бир топ компоненттерге ээ.

Музей – адамзаттын түрдүү доорлордогу өнүгүү тарыхын изилдөөгө алган, тарыхый жана маданий эстеликтерди, жаратылыштын өзгөчө уникалдуу болгон предметтерин чогултуу, каттоо, эсептөө, коргоо жана сактоо милдеттерин аткарган, аларды илимий негизде иштеп чыгып, коомчулукка көрсөтүүнү ишке ашырган илимий-изилдөөчү, маданий-агартуучу мекеме. Учурда заманбап музей көп функциялуу. Музей буюмдарын алууга, сактоого, изилдөөгө жана көрсөтүүгө арналган мекеме катары анын максатын жогоруда белгиленгендей салттуу түшүнүү менен бирге башка милдеттер да актуалдуу. Атап айтканда, топтоо үчүн багытталган социалдык, илимий, маалыматтык, маданий-агартуу, музей коллекцияларынын жардамы менен маданият тармагындагы социалдык тажрыйбанын кеңири спектрин сактоо, берүү ж.б. [1, 13-б.].

Ал эми ушул мекемедеги ар бир предметтер түрдүү пландан алганда да социалдык баалуу маалыматты алып жүрүүчү сапатка ээ. Жалпы музейдеги мындай предметтер биргеликте санына, сапатына жараша маалыматтардын белгилүү казынасын түзөт. Инсандын интеллектуалдык, нравалык жана эмоционалдык сферасына музей предметтери өзүнүн көп кырдуу маалыматка ээ болгондугу, жаратылышындагы сейрек уникалдуулугу менен ишенимдүү түрдө терең таасир кыла алат. Ошондуктан музей предметтеринин касиеттерин аныктоо жана чечмелөө музей ишин үйрөнүүдө абдан орчундуу мааниге ээ болот. Музей буюмунун касиеттери бир буюмдун музей коллекция-

сындагы башка буюмдар менен мүнөздөмөлөрүнүн айырмачылыктарын же окшоштуктарын аныктайт. Предметтин мүнөздөмөлөрүнүн жыйындысы жаңы спецификалык сапатты жаратат, аларга ээ болгон предмет музейдик предмет болуп саналат, ошондуктан музейдик предметтин касиеттерин аныктоо аны музейдик коллекцияга тандап алуунун, изилдөөнүн жана илимий сыпаттоосунун негизин түзөт. Ар бир музей буюмунун эң негизги касиети – бул анын «өзүндө» жана «өзү жөнүндө» маалыматты алып жүрүү жөндөмдүүлүгү.

«Музей предмети» деген термин ата мекендик илимий айлампага Н.М. Дружинин тарабынан 1930-жылдардын башында киргизилген. Бирок, бул концепциянын теориялык өнүгүшү бир нече ондогон жылдардан кийин башталган. Музей таанууда музей таануучу З. Странскийдин позициясы таанылган, тактаганда ал «музей предмети» түшүнүгүнүн мазмунун ачып, аны объективдүү реалдуулуктун далили катары чечмелеп, документалдык, маданий жана маалыматтык мааниге ээ болгон маанисин ачкан. В.Энненбах болсо музей объектисин түшүнүүдө жеке аспектилерди ажыратып, анын гносеологиялык маанисин баса белгилейт. Музей предмети биринчи кезекте жаратылыштагы жана коомдогу кубулуштардын жана процесстердин далили болуп саналаарын, ошондой эле музей предметинин нукуралуулукка ээ экендигин белгилеген [2, 342-б.].

Маданий мурас категориясын түзгөн музей коллекцияларынын предметтери музейлик предметти «трансформациялоо» стадиясынан өтөт: «предмет» - «артефакт» - «музейлик баалуулуктагы предмет» - «музей предмети» [3, 135-б.]. Ошондуктан музей предметтери жалпы коллекциянын негизи болуп эсептелет. Табигый шартта табылган жөнөкөй бир предметтин эстеликтин кайсы бир маанилүү окуялардын күбөсү экендиги тастыкталса, мындай учурда музей үчүн анын баалуулугу жогору болот жана ал музейдик маанидеги предмет болуп калат. Музей предмети – музейге чогултулган коомдун экономикалык, маданий жашоосундагы жана жаратылыштагы фактыларды, окуяларды, процесстерди түп нускада күбөлөндүрүүчү тарыхый, маданий, табигый эстеликтер. Музей предмети илимий экспозицияга коюуга чейин кошумча изилденет, үйрөнүлүп чыгылат. Жыйынтыгында, музей экспозициясында атайын уюшулган жана логикалык тизимде жайгаштырылган музейлик предметтер аныкталган теманы ачып берүүдө олуттуу кызмат көрсөтөт. Музей предмети тууралуу түшүнүктү словак музеологу Збынек Странский (1926-2016) жетиштүү ачып бере алган. Анын көз карашында музей предмети документалдык, маданий, маалыматтык баалуулуктарга ээ болгон объективдүү реалдуулуктун күбөсү [4, 14-15-бб.].

Жалпысынан алганда, жогоруда белгиленгендей, предметтин музей үчүн баалуулугу жыйнап-чогултуулардын негизги критерийлерине жооп берген шартта, музейлерде пайдалануу үчүн олуттуу мааниге ээ экендигинде жатат. Ал эми укуктук жааттан алганда предмет музей предмети катары таанылгандан кийин, Кыргыз Республикасынын Музей фондуна киргизилет жана музей буюмдары жана музейлик коллекциялар Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан белгиленген тартипте эсепке алынып сакталууга тийиш болот.

Негизи музеология боюнча илимий адабияттарда музей предметтеринин касиеттери жөнүндө маселелер толук чечилбей, жетишээрлик ой-пикирлер али так эмес. Ага карабастан музей буюмдарынын максаты жана касиеттери формулировкаланган жана бир топ ар түрдүүлүгү таанылган. Алар: информациялык, жагымдуу, репрезентативдик, функционалдык, маданий, эстетикалык, искусство таануу, ыйык, рухий ж.б. компоненттер. Бул касиеттерди музей буюмунун атрибуциясы, башкача айтканда, анын сапаттарынын, авторлугунун, мезгилдүүлүгүнүн жана башка компоненттеринин илимий мүнөздөмөсү менен аныктоого болот [2, 341-б.] Ошентип, ички жана сырткы комплекстүү маалыматтык потенциалга ээ болгон музей предметинин касиеттери анын толук кандуу маалыматтык булакка айлануу жөндөмдүүлүгүндө жатат. Предметтин ички маалыматтык талаасы предметтин өлчөмүн, белгилерин, графикасын (жазуусун) эмблематикасын көрсөтсө, ал эми сырткы маалыматтык талаада предметтин кайсы тарыхый окуяга байланыштуулугунан кабар бергендиги аркылуу айырмаланат. Мисалы үчүн жыгач табакты алалы. Анын декоративдик сырткы табактын бетине тартылган сүрөтү билдирсе, убакыттын күбөсү катары кеткен жаракалар, чийилген тактар көрсөтөт. Ал эми өлчөм, көлөм, формасы атрибуттук маалыматты алып жүрүү жөндөмдүүлүгүн билдирип турат.

Музей буюмунун көрүүчүнүн эмоционалдык чөйрөсүнө таасир этүүчү касиети экспрессивдүүлүк деп аталат. Ал эки жол менен көрсөтүлүшү мүмкүн. Музей предметинин ички талаасынын маалыматы, анын сырткы көрүнүшүн келген адам кабыл алат жана ага түздөн-түз таасир калтырат – бул музей предметинин жагымдуулугу, эмоционалдык тартуу (аттрактивность) деп аталат. Мисалы импрессионисттердин (импрессионист – бул XIX кылымдын аягында Францияда пайда болгон живопись багыты). жана экспрессионисттердин (экспрессионизм XX кылымдын дүйнөлүк сүрөт искусствосунун тенденциясы) сүрөттөрү таасирди тартуунун үлгүсү боло алат. Келүүчүлөрдүн эмоционалдык кабылдоосуна предметтин келип чыгышынын жана жашоонун тарыхы, аны менен байланышкан окуялар жана адамдар жөнүндө маалыматтар да чоң таасир этет (тышкы маалымат талаасы). Ошентип, коомдук мааниге ээ мүлктөрдүн жыйындысы

жаңы сапатты пайда кылып, предмет музейге таандык предметке айланат.

Музей предметинин илимий баалуулугу бул же тигил профилдик илимий дисциплиналарга маалыматтык булак кызматын аткаруу жөндөмдүүлүгү менен аныкталат. Ал эми музей предметинин тарыхый баалуулугу болсо анын тарыхый окуяларга жана процесстерге болгон байланышы аркылуу ачыкталат. Предметтин мемориалдык баалуулугу аталышынан көрүнүп тургандай белгилүү бир инсанга же маанилүү тарыхый окуя менен байланышта болгондугунда турат. Эгерде кандайдыр тарыхый процесстерди көрсөтүү керек болсо, ага карата фото, видео жана башка материалдар колдонулса, бул учурда музей предметтери жалпы сумманы, санды гана көрсөтүп калбастан өз ара байланышта, бири-бирин толуктап колдонулат, тарыхый окуянын жүрүшүн моделдейт. Көпчүлүк убактарда предметтин эстетикалык жана көркөм баалуулугу анын эмоционалдуу өзүнө тартуу жана дааналык касиеттери менен байланышып, эстетикалык жана эмотивдик сезимдерди козгоп көтөрүүү жөндөмдүүлүгүнө ээ болушу менен аныкталат.

Жогорудагы касиеттерге жана баалуулуктарга ээ болгондон сырткары музей предметтеринин арасынан кайталангыс өзгөчөлүгү менен айырмаланып турган өзүнүн түрүндө бирден бир уникалдуу, сейрек предметтер өзгөчө бөлүнүп турат. Ушул уникалдуу деп аталган көрсөткүчкө карама - каршы келген типтүү делген көрсөткүч да бар. Типтүү предмет деп, предметтин сериялык өндүрүшүнүн натыйжасында стандарттык түрдө иштелип чыгарылышынын продуктусун айтышат. Айрым учурда предметтин ошол типтүү делген сериялык чыгарылышында мемориалдык, турмуштук мааниге ээ болгон учурлары кездешет. Мисалы, мамлекеттик, коомдук ишмер И.Раззаковдун кийген плащы. Улуу инсандын кийими экени анык болгон учурда фабрикадан чыккан жөнөкөй плащ уникалдуу буюмга айланаары шексиз. Бул жагынан алганда кийим баалуу предметке айланат. Ошондой эле музей предметинин бул учурда функционалдык жана турмуштук байланыштары аныкталат. Предметтин функционалдык байланышы предмет эмне үчүн жаралган жана ал кандай мүнөздө турмуштук чөйрөнүн конкреттүү шарттарында кайсы образда иштелип же пайдаланыла тургандыгы тууралуу маалымат берет.

Музей предмети негизги, нукура делген белгилерге ээ. Нукура делинген аныктама көчүрмө, жасалма делинген аныкталышка карама каршы келет. Предметти нукура предмет катары көрсөтүү максатында кайра өндүрүлүшү жасалма деген маанини билдирет. Кээде бул аракет абдан жакшы иштелсе предметтин жасалма экендиги байкалбай калган учурлар көп болот. Жаратылыштын кайсы бир бөлүгү, адамзаттын ишмердүүлүгүнүн натыйжасында пайда болгон предметтер музей кызматкерлери объективдүү түрдө изилдеп, иликтеп, үйрөнүп чыккан иш-аракеттеринин арты менен тарыхый контексттен алганда кандайдыр бир кубулуштун, окуялардын конкреттүү документтик далили болуп калат. Музей предмети музейдик мейкиндикте өз алдынча мааниге ээ боло албастыгы, мындайча айтканда өзгөчө орчундуу, касиетке ээ болбостугу да толук мүмкүн. Андай абалда музейдик бир нече предметтер өз ара аракеттенип, бүтүндүк түзүп, бири - бирин толуктаганда музейдик экспозиция же коллекциялар жасалат. Музей коллекциясы – бул бир же бир нече белгилеринин жалпылыгы менен байланышкан илимий, көркөм, таанып билүү кызыкчылыктарын бир бүтүндүктө караган музей предметтеринин жыйындысы. Предметтер белгилерине карап же аныкталган бир темага жараша систематикалык, тематикалык, персоналдык коллекция болуп түзүлөт [5, 232-б.]. Ошондо биримдиктин чегинде гана алар өз ара музейдик касиетке, функцияларга ээ болушат.

Музей буюмдарына таандык болгон белгилерди аныктоодо материал, форма, түзүлүш, көлөм, жасалуу өзгөчөлүктөрү, авторлугу эске алынат. Музей буюмдарын классификациялоодо музей буюмдарын чогултуп, белгилүү критерийлердин негизинде айырмачылык, окшоштугу боюнча топторго (буюм түрүндөгү эстеликтер, айкелдер, жазма эстеликтер, көркөм сүрөт эстеликтери, курулуш материалдарынын калдыктары ж.б.) бөлүп, өз ара байланышы, жалпылыгы, доору, окуяларга тиешеси такталат. Андан кийин буюмдардын конкреттүү, реалдуу түрдөгү илимий маалыматтарга ээ экендиги аныкталып, системалаштырылып каталогдор түзүлөт.

Ар бир музей буюму коомчулук үчүн өтө жеткиликтүү, таасирлүү эмоционалдуу камсыз кылуу максатында документтештирилет. Мындайча айтканда, илимий каттоого алынып, инвентардык карточка (казынанын, каталогдордун, коллекциялардын мазмуну) түзүлөт. Мындан кийин буюм тууралуу изилдөө иштеринин маалыматтары музейдин каттоо китебине түшүрүлөт. Бул инвентардык китеп деп аталып, казындагы предметтерди юридикалык жактан камсыздайт. Ал эми инвентардык китепке жазууда берилген жеке номер предметтин жеке инвентардык номери катары саналып, музей предметинин арткы бетине да түшүрүлөт. Акырында инвентарь карточкасынын жыйындысынын негизинде инвентардык картотека түзүлүп чыгат.

Ошентип, музей буюму реалдуулуктун бир бөлүгү болуу менен жаратылыштын, коомдун жана маданияттын өнүгүүсү жөнүндө маалыматты өзүндө алып жүрөт. Материалдык объект катары ал качандыр бир жерде болгон фактылардын жана окуялардын далили. Түсү, көлөмү, салмагы, жана башка маанилерге ээ болот. Музей предмети өзгөчө окуяларга таандыктыгы боюнча айырмаланып, алар менен байланышта болгон адамдарды эске салат. Предметтин дал ушул

касиети инсандын эмоционалдык, моралдык жана интеллектуалдык чөйрөсүнө терең таасир этет.

Музей предметтеринен түзүлгөн илимий экспозиция бир гана изилдөөчүлөр үчүн же адистер үчүн гана эмес, жалпы эле көрүүчүлөрдүн түрдүү даярдыктагы катмары үчүн иштелип чыгат. Андыктан музей экспозициясынын түпкү максатында элге музейлик каражаттар аркылуу белгилүү идеологиялык, саясий, маданий, илимий тапшырмаларды жеткирүү иши турат. Ушул шартта музей предметтери аркылуу коммуникативдик функция да жүзөгө ашырылат. Бир четинен алганда музейдик ар бир предмет түрдүү пландагы маалыматтарды алып жүрүүчү нерсе катары да саналат. Ошондуктан музей предмети көрүүчү менен түрдүү байланыштарда боло алат.

Музей экспозициялары же музей коллекциялары өзгөчө жаңы көркөм жана илимий реалдуулукту чагылдырат, анын аркасында жоголгон реалдуулук пайда болуп, өткөн муундар менен баарлашууга мүмкүнчүлүк түзүлөт, илимий айлампага жаңы, далилдүү, ишенимдүү маалыматтар киргизилет.

**Адабияттар:**

1. Кузнецова И.Г., Романова Н.М. Обеспечение сохранности и безопасности музейных коллекций в выставочной практике (по материалам музеев России) - Санкт-Петербург. Изд. «Корвус». 2018. С.142.
2. Мариничева М.Е. Особенности «музейного предмета» в вузовском пространстве. // Ярославский педагогический вестник. - 2016, № 3. - С. 341-342.
3. Кимеева Т.И. Методика атрибуции музейных предметов и возможности внутримузейной трансляции ее результатов // ВЕСТНИК Кем.ГУКИ 48/2019. - С.135.
4. Шляхтина Л.М. Основы музейного дела /Теория и практика. - М.: Высшая школа, 2009. - С. 178.
5. Воронцова Е.А., Гуральний Ю.У., Казакова С.Ф., Каулен М.Е., Косова И.М., Ноль Л.Я., Сундиева А.А., Яновский А.Д. Музейное дело России. - М., 2010. - С. 676.
6. Темиралиева Г.Т. Организация первых музеев в регионах Ош и Джалал-Абад. / Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. 2012. №. 7. - С. 174-177.
7. Райымхан К.Н. История музейно-археологических материалов. / Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. 2010. №. 2. - С. 219-221.
8. Азимбаев Б. Исторический музей, укрепляющий дружбу двух народов. / Известия ВУЗов Кыргызстана. 2021. №. 3. - С. 80-82.
9. Ибайдуллаев Х.Х. Исторические личности как объект музейных материалов. / Известия ВУЗов Кыргызстана. 2018. №. 1. - С. 154-156.